**ОшМУнун педагогика, искусство жана журналистика институтунун окуу- методикалык кеңешинин жыйынынын № 6 протоколунан**

# КӨЧҮРМӨ

Катышкандар – 6
Себептүүсү –

Ош шаары, 25.02.25.

**Күн тартибинде:**

**3. Ар түрдүү маселелер.**

1. Ош мамлекеттик университетинин педагогика, искусство жана журналистика институтунун Жалпы психология кафедрасынын улук окутуучусу Д.А.Жолдошбаевдин "Девианттык жүрүм-турумдун психологиясы" аттуу окуу куралын басмага сунуштоо.

***Угулду:***

Педагогика, искусство жана журналистика институтунун окуу – методикалык кеңешинин төрайымы А.Таабалдиева улук окутуучу Д. А. Жолдошбаевдин "Девианттык жүрүм-турумдун психологиясы" аттуу окуу куралынын мазмунуна, максатына жана актуалдуулугуна токтолуп, кафедра мүчөлөрүнө жана институттун окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрүнө сөз берди.

***Сөзгө чыкты:***

Жалпы психология кафедрасынын башчысы, доцент М. Бабаев: - Бул окуу куралында девианттык жүрүм-турумдун түрлөрү, анын себептери, өнүгүү механизмдери жана алдын алуу жолдору кеңири баяндалган. Автор девианттык жүрүм-турум маселесин психологиялык, педагогикалык жана социалдык өңүттөн карап чыгып, теориялык негиздерди практикалык сунуштар менен айкалыштырып берген.

Окуу куралынын мазмуну терең, структурасы так түзүлгөн жана практикалык колдонууга ыңгайлуу.

Психология кафедрасынын улук окутуучу М. А. Накатаев: - Девианттык жүрүм-турумдун психологиясы" окуу куралы теория менен практиканы айкалыштырган, заманбап илимий маалыматтарга таянган, илимий жана окутуучулук баалуулугу жогору эмгек. Ушул себептен улам, аталган окуу куралын басмага сунуштоого толук негиз бар деп эсептейм.

Окуу куралы педагогикалык жана психологиялык адистиктер боюнча билим алып жаткан студенттерге, магистранттарга, мугалимдерге, психологдорго жана социалдык кызматкерлерге арналган. Ошондой эле, коомдогу жүрүм-турумдук көйгөйлөр менен иш алып барган адистер үчүн да пайдалуу колдонмо болот деген ойдомун.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Н. Умаров: - Бул китепте девианттык жүрүм-турумдун психологиялык, социалдык жана педагогикалык аспектилери кеңири каралып, анын себептери, өнүгүү этаптары жана алдын алуу механизмдери илимий негизде баяндалган. Автор девианттык жүрүм-турумдун ар кандай формаларын классификациялоо менен бирге, аларды түзөтүү жана алдын алуу боюнча методикалык сунуштарды да берүүгө аракет кылган. Ошондуктан бул окуу куралын басмага сунуштоого макулмун.

ПИжЖ институтунун методикалык кеңешинин төрайымы А. К. Таабалдиева: - Учурдагы коомдук өзгөрүүлөр жана социалдык-экономикалык шарттар адамдардын жүрүм-турумуна олуттуу таасирин тийгизүүдө. Өзгөчө жаштар арасында девианттык жүрүм-турум кеңири жайылып, анын себептерин изилдөө жана алдын алуу маселеси актуалдуу болуп турат. Бул жагынан алганда, "Девианттык жүрүм-турумдун психологиясы" аттуу окуу куралы маанилүү жана керектүү эмгек болуп саналат.

***Чечим:***

1.Педагогика, искусство жана журналистика институтунун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы А.Таабалдиеванын билдирүүсү эске алынсын;

2.ПИжЖ институтунун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы А.Таабалдиева тарабынан ОшМУнун ОСМКБнө билдирилсин;

3. Жалпы психология кафедрасынын улук окутуучусу Д.А.Жолдошбаевдин "Девианттык жүрүм-турумдун психологиясы" аттуу окуу куралын басмага сунуштоо ПИжЖ институтунун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

ПИжЖ институтунун окуу- методикалык
кеңешинин төрайымы: А.Табалдиева.

Scanned with CamScanner